"Бекитемин"
Мектеп мүдүрү______
Бейшеналиева.Ч.А.

**К. Маликов атындагы орто мектебинин "Бүчүр" усулдук бирикмесинин 2020-2021- окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планы.**

| Айлар | № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жоопкерчилик |
|---|---|---|---|---|
| Август | 1 | Жаңы окуу жылына даярдык көрүү. | Ай ичинде | Мугалимдер |
| | 2 | 2020-2021-окуу жылына карата УБнин жылдык иш - планын карoo. | Ай ичинде | УБнин жетекчиси мугалимдер |
| Сентябрь | 1 | 1-сентябрь –Билим күнү. | 1.09.20 | Класс жетекчилер |
| | 2 | Китеп менен камсыз кылуу | 1.09.20 | Китепканачы:Керимбаева.А.Ф. |
| | 3 | Коопсуздук эрежелер (кл. саат) | 6.09 | Класс жетекчилер |
| | 4 | 9- сентябрь- Комуз күнү (тарбиялык саат) | 6-9.09 | Класс жетекчилер |
| | 5 | 23- сентябрь-Эне тил майрамы. (тарбиялык саат) | 17-23.09 | Класс жетекчилер |
| Октябрь | 1 | Карылар жана мугалимдер күнү(класстык сааттар) | 1-5.10 | Класс жетекчилер |
| | 2 | Ички текшерүүлөр:окуу китептери, күндөлүктөр, дептерлер. | Ай ичи | УБнин жетекчиси Сыдыгалиева.Г.А. |
| | 3 | Текшерүү иштердин,жат жазуулардын,тесттердин,окуу техникасынын жыйынтыктары | Ай ичи | Класс жетекчилер |
| | 4 | 15- октябрь- Таза колдор күнү ( сүрөт конкурсу) | 12-13.10 | Класс жетекчилер |
| | 5 | 23- октябрь- Эл аралык "Ак илбирс күнү"(тарбиялык саат) | 19-23.10 | |
| | 6 | 1-чейректин жыйынтыгы | Ай аягы | Класс жетекчилер |
| Ноябрь | 1 | 1-чейрек боюнча УБнин отчету | Ай башы | УБнин жетекчиси Сыдыгалиева.Г.А. |
| | 2 | "Тарыхты жана ата бабаларды эскерүү күнү" | 11-13.11 | Класс жетекчилер |
| Декабрь | 1. | 4- декабрь - Манас күнү ( тарбиялык сааттар, сүрөт көргөзмөсү) | 26.11-4.12 | Класс жетекчилер |
| | 2 | Башталгыч класстын декадасы Ачык сабактар,жат жазуулардын, текшерүү иштердин, окуу техникасынын жыйынтыктары. | 9-19.12. | УБнин жетекчиси: Сыдыгалиева.Г.А Класс жетекчилер |
| | 3 | "Келгиле окуйбуз" долбоору боюнча иш-чара. | 9-19.12 | Мусаева.Г.Т. Карыбекова. А.Э |
| | 4 | Ички текшерүү: окуу китептеринин, күндөлүктөрүнүн | 9-19.12 | УБнин жетекчиси: [illegible] |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 5 | 3-4- класстын окуучуларынын билим сапатын, окуу техникасын текшерүү. | 9-19.12 | Убнин жетекчиси: Сыдыгалиева.Г.А. Класс жетекчилер. |
| | 6 | Коопсуздук эрежелер( кл. саат) | 23- 27.12 | Класс жетекчилер |
| | 7 | II чейректин жыйынтыгы | Ай аягы | Класс жетекчилер |
| Январь | 1. | II- чейрек боюнча УБнин отчету | Ай башы | УБнин жетекчиси Сыдыгалиева.Г.А. |
| | 2 | " Келгиле окуйбуз" добоору боюча иш- чара | Ай аягы | Карабаева Б. Н.. |
| | 3 | | Ай аягы | Класс жетекчилер |
| Февраль | 1 | Советтик аскерлеринин Афганистандан чыгарылгандыгына "_____"жыл (класстык сааттар) | Ай ичи | Класс жетекчилер, |
| | 2 | 21-- февраль- Эл аралык эне-тил күнү (класстык сааттар) | 17-20.02. | Класс жетекчилер. |
| | 3 | 23- февраль –Ата- мекенди коргоочулар күнү.(кл.саттар) | 19-21.02 | Класс жетекчилер |
| | 4 | Мектеп олимпиадасын өткөрүү. | 21-27.02 | Класс жетекчи: Карабаева.Б.Н. УБнын жетекчиси: Сыдыгалиева.Г.А. |
| Март | 1 | 8- март-Аялдардын эл аралык күнү(ачык тарбиялык сааттар) | 5-7.03 | Класс жетекчилер |
| | 2 | Ички текшерүү: Окуу китептердин,күндөлүктөрдүн, дептерлердин абалы. | 10-13.03 | УБнин жетекчиси: Сыдыгалиева.Г.А. |
| | 3 | " Кургак учукту айыктырса болот" ( тарбиялык сааттар) | 13-17.03 | Класс жетекчилер |
| | 4 | Окуучулардын билим сапатын, окуу техникасын текшерүү | Ай ичи | Класс жетекчилер |
| | 5 | 3- чейректин жыйынтыгы | Ай аягы | Класс жетекчилер |
| Апрель | 1 | 3-чейрек боюнча УБнин отчету | Ай башы | УБнин жетекчиси Сыдыгалиева.Г.А.. |
| | 2 | "Келгиле окуйбуз"долбоору боюнча иш- чара | 16- 22.04 | Китепканачы: Керимбаева.А.Ф. |
| | 3 | Ички текшерүүлөр: Окуу китептердин, күндөлүктөрдүн, дептерлердин абалы. | 27-30.04 | УБнин жетекчиси Сыдыгалиева.Г.А. |
| | 4 | | | |
| Май | 1 | "Кош, Алиппе"кечеси 1- класс | Ай ичи | Класс жетекчиси: Мусаева.Г.Т. |
| | 2 | 9- май –Жеңиш күнү ( класстык саттар) | 4-9.05 | Класс жетекчилер |
| | 3 | "Кош бол, башталгыч классым"4- класс | Ай ичи | Класс жетекчи: Карабаева.Б.Н. |
| | 4 | Окуучулардын билим сапатын, окуу техникасын текшерүү. | Ай аягы | Класс жетекчилер |
| | 5 | 4- чейректин жыйынтыгы, | Ай аягы | Класс жетекчилер |
| | 6 | УБнин жылдык отчету | | УБнин жетекчиси Сыдыгалиева.Г.А. |

**"Бүчүр" усулдук бирикмесинин 2020-2021- окуу жылынындагы аткарылган иш-чаралар боюнча маалымат**

**Сентябрь, октябрь айы:**

**1 - сентябрь- Билим күнү**

**Ачык тарбиялык сааттын темасы: " Сүйүктүү кыргызстаным"**

1-4- класстын класс жетекчилери 1- сентябрь- Билим күнүнө карата " Сүйүктүү кыргызстаным " деген темада видео сабак даярдашып, окуучуларга ватсап аркылуу жөнөтүштү. Сабакта мугалимдер окуучуларга мекен жана анын баалуулугу жөнүндө маалымат беришип, өз мекенин сүйүүгө, коргоого, баалоого, урматтоого үйрөтүштү. Сабакта сүрөттөр, билим мекен жөнүндө макалдар ,ырлар колдонулду.

**Усулдук бирикменин иш- планын бекитүү.**

Башталгыч класстын мугалимдери чогулуп, УБнин жылдык иш планын талкууга алышып, бир чечимге келишти. Мектептин ОТИ боюнча мүдүрдүн орун басары Тентимишева Гүлмира Абасовна тарабынан текшерилди, бекитилди.

**Китеп менен камсыз кылуу :**

Башталгыч класстын окуучуларын мектеп китепканачысы жана класс жетекчилер окуу китептери менен камсыз кылышты. Мугалимдер окуучулардын жетпей калган китептерин ата- энелерине айтышып, камсыз кылуу талабын коюшуп, алган китептеринин туура сакталышын эскертишти.

**9- Сентябрь- "Комуз күнү"**

3-класстын класс жетекчиси Карыбекова Анара Эмилбековнага Комуз күнүнө карата ачык тарбиялык саат коюлду. Ачык тарбиялык саат видео аркылуу даярдалып, ватсап аркылуу окуучуларга жөнөтүлдү. Окуучулар кыргыз комузу жана анын жасалышы,пайда болушу жөнүндө түшүнүк алышты жана мыкты комузчу Самара Токтакунова тууралу билишип, кыргыз элинин баалуулуктарын барктай билүүгө үйрөнүштү.

1-2-4- класстын класс жетекчилери окуучуларга ватсап аркылуу Комуз күнү жөнүндө түшүндүрмө беришти. Түшүндүрүүдө сүрөттөрдү, табышмактарды, ырларды, накыл сөздөрдү, уламыштарды колдонушту.

**23- сентябрь- Эне тил майрамы.** 2-

**класс Сыдыгалиева .Г.А**

**тема: Кыргыз тили- мамлекеттик тил .**

3-класс.Карыбекова.А.Э тема: Эне- тил майрамы. Бул күнгө карата 2-3- класс аталган темаларда видео сабак даярдашты жана бул класстардын окуучуларына ватсап аркылуу жөнөтүлдү. Сабакта Кыргыз улутунун эне тили болгон "Кыргыз тил" жөнүндө маалымат алышты. Окуучулар кыргыз тили жөнүндө жаттаган ырларын видео аркылуу айтып беришти жана сабактын жүрүшүндө берилген макалдарды окушуп маанисин түшүнүштү, табышмактардын жандырмагын табууга аракеттеништи. Сабак аягында кыргыз тилин сүйүүгө тарбияланышты.

**1- октябрь- Карылар күнү 5- октябрь – Мугалимдер күнү**

Алалган тема боюча ар бир класс жетекчи окуучуларга бул күндор тууралуу ангемелешүү тартибинде онлайн сабактарын ватсап аркылуу жеткиришти жана кээ бир класстын окуучулары бул күндөргө карата видео куттуктоолорун, тарткан мыкты сүрөттөрүн, ырдаган ырларын жөнөтүштү.

**15- октябрь- "Таза колдор күнү"**

Ар бир класс жетекчи бул күндүн келип чыгуу тарыхы жөнүндө окуучуларга түшүндүрмө беришип, сүрөт конкурсун жарыялашты. Окуучулар сүрөт конкурсуна мыкты сүрөттөрдү тартышты. Окуучулардын тарткан сүрөттөрүн мектеп жетекчилери, класс жетекчилер тартылышына, маанисине, таза тыккандыгына карашып, мактоо баракчалары менен сыйлашты.

**23- Октябрь- Эл аралык " Ак илбирс күнү"**

Класс жетекчилер бул күнгө карата онлайн сабак даярдашты. Окуучуларга 23- октябрь- Эл аралык " Ак илбирс " күнү деп аталып калышынын себеби жана илбирстин түшүлүшү, жашоосу, алардын кыскарышы жөнүндө онлайн түшүнүк беришти жана өлкөбүздүн көркү, байлыгы, болгон бул жаныбарды коргой билүүгө чакырышты.

**Ноябрь, декабрь айы:**

**11 – 13- декабрь- "Тарыхты жана ата – бабаларды эскерүү куну"**

Класс жетекчилер класстык сааттарды өтүштү.Тарыхты жана ата – бабаларды эскерүү куну жөнүндө түшүнүктөр берилди. Окуучулар тарыхты жана ата –бабаларыбызды дайыма эскерип жүрүү керектиги айтылды.

**26.11 – 4. 12**. 4 – декабрь – Манас күнүнө карата тарбиялык сааттар өтүлдү. Ар бир класстан манас эпосунан үзүндүлөр айтылып, сүрөттөр тартылды.Тарбиялык сааттар көрсөтмөлүү өтүлдү.

**Башталгыч класстардын декадасы 9.12 – 19.12.**

9 – декабрдан, 19- декарына чейин башталгыч класстардын декадасы өткөрүлдү.Декадада төмөндөгүдөй иш чаралар болду:

Ачык сабактар өтүлдү, жат жазуу,текшерүү иштер жазылды, окуу техникасынын жыйынтыктары чыгарылды.

**Ички текшерүү:** окуу китептеринин, күндөлүктөрүнүн, дептерлеринин абалдары.

1 -4 – класстын окуучуларынын окуу китептеринин сырталышы, сакталышы, күндөлүктөрдүн толтурулуштары, баалардын коюлушу жана дептерлердин тазалыгы толук текшерилди. Кээ бир окуучуларга эскертүү берилди.Мугалимдерине көзөмөлгө алуу сунушталды.

Окуучуларга коопсузду кэрежелерди сактоо боюнча класстык сааттар өтүлдү.

**Февраль айында-** Советтик аскерлеринин Афганистандан чыгарылгандыгына _____ жыл, 21- февраль – Эл аралык эне – тил күнү, 23 – февраль – Ата – мекенди коргоочулар күнүнө карата ар бир класста класстык сааттар өтүлдү.Класстык саатОкуучулар өз ойлорун эркин айтып беришти. сүрөттөр макалдар менен коштолуп ырлар көркөм айтылды.

**Март айында төмөндөгү иш чаралар болду.**

8 – март – Аялдардын эл аралык күнү, "Кургак учукту айыктырса болот"деген темада класстык саттар өтүлдү.Ички текшерүү, окуучулардын билим сапатын, окуу техникасын текшерүү жүргүзүлдү. Ар бир класс жетекчилер класстык сааттарды өтүп, жыйынтыктарын өткөрүштү.

**Апрель айы-** Окуу керемет долбоору боюнча берилген иш чаралар өтүлдү. 1 – 4 – класстарда ачык сабактар өтүлдү.

**Май айы- 9 – май** жеңиш күнүнө карата класстык сааттар өтүлдү. Сабак көрсөтмөлүү өтүлдү. Тартылган сүрөттөр илинди. Жеңиш күнүнө карата жаттаган ырларды көркөм айтып беришти.

**10 – 14**- майга чейин "К, Тыныстановдун 120 жылдыгына карата класстык сааттар өтүлдү. К. Тыныстановдун өмүрү жана чыгармачылык ишмердүүлүгү жөнүндө окуучуларга түшүнүк берилди.

Окуучулардын билим сапатын, окуу техникасын текшерүү жүргүзүлдү. Жыйынтык чыгарылды.

Өлкөбүздө жүрүп жаткан илдетке байланыштуу"Кош бол, Алиппе" жына "Кош бол, башталгыч классым" аттуу майрамдар өтүлгөн жок.